DOI 10.58649/1694-8033-2023-2(114)-23-30

**Асипова Н.А., Кыдыралиев А.С.**
Ж. Баласагын атындагы КУУ [1,2]
**Асипова Н.А., Кыдыралиев А.С.**
КНУ им. Ж. Баласагына [1,2]
**Asipova N.A., Kydyrakiev A.S.**
KNU J. Balasagyn [1,2]

ORCID: 0000-0002-0671-603X, SPIN-код: 8368-2090 [1]

# ҮЗГҮЛТҮКСҮЗ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА АСКЕР ИНСТИТУТУНУН КУРСАНТТАРЫН ЖАШ ЖООКЕРЛЕРДИ ТАРБИЯЛООГО ДАЯРДОО
# НЕПРЕРЫВНОЕ ОБРАЗОВАНИЕ И ПОДГОТОВКА КУРСАНТОВ ВОЕННОГО ИНСТИТУТА ДЛЯ ВОСПИТАНИЯ МОЛОДЫХ СОЛДАТ
# LIFELONG EDUCATION AND TRAINING OF CADETS OF THE MILITARY INSTITUTE FOR THE EDUCATION OF YOUNG SOLDIERS

**Аннотация:** Азыркы учурда билим абдан тез өнүгүп жатат. Биз билимдин тынымсыз өзгөрүшү жана өткөндө үйрөтүлгөндөрдүн актуалдуулугун жоготуу адамдан дайыма жаңылануууну талап кылган заманда жашап жатабыз. Макалада Куралдуу Күчтөрдүн Аскердик окуу жайларында курсанттарды жана жаш жоокерлерди үзгүлтүксүз билим берүүнүн талаптарын эске алуу менен окутуу жана тарбиялоо маселелери каралат. Бул бир гана аскердик даярдык менен чектелбестен, педагогикалык милдеттерди компетенттүү чечүү үчүн зарыл болгон педагогикалык-психологиялык билимдерди калыптандырууну ишке ашырууну, тиешелүү илимий жоболорду, мыйзамдарды, түшүнүктөрдү жана аныктамаларды гана билбестен, аскердик иштерге даярдык көрүү процессинде аларды колдонууну да талап кылат.

**Аннотация:** В настоящее время знания развиваются очень быстро. Мы живем во время, когда постоянная смена знаний и потеря актуальности того, чему учили в прошлом, требует от человека постоянного обновления. В статье рассматривается вопросы обучение и воспитание курсантов и молодых солдат в Военном учебном заведении Вооруженных Сил с учетом требований непрерывного образования. Это требует не ограничиваться только военной подготовкой, а осуществлять формирование педагогических и психологических знаний, необходимых для грамотного решения педагогических задач, знать не только соответствующие научные положения, законы, понятия и определения, но и применять их в процессе подготовки к военному делу.

**Abstract:** Nowadays knowledge is developing very fast. We live in a time when the constant change of knowledge and the loss of relevance of what was taught in the past requires a person to constantly update. The article deals with the issues of training and education of cadets and young soldiers in the Military Educational Institution of the Armed Forces, taking into account the requirements of continuous education. This requires not being limited only to military training, but to carry out the formation of pedagogical and psychological knowledge necessary for the competent solution of pedagogical problems, to know not only the relevant scientific provisions, laws, concepts and definitions, but also to apply them in the process of preparing for military affairs.

**Негизги сөздөр:** куралдуу күчтөр, курсанттар, аскерик тартип, күжүрмөн даярдык, психология, армия.

**Ключевые слова:** вооруженные силы, курсанты, воинская дисциплина, боевая подготовка, психология, армия.

**Keywords:** armed forces, cadets, military discipline, military operations, psychology, army.

Макаламдын башында “элү жылда эл жаңырат, жүз жылда жер жаңырат” – деп эл оозунда айтылгандай, кыргыз эли кечээ эле 15 мамлекет менен биргелешип бир урааны айтып, бир тууну желбиретип, башка мамлекеттердин көңүлүн өзүнө бурган СССР катарында болсо, азыркы күндө Кыргыз Республикасы катары дүйнөдөгү мамлекеттердин арасында өз саясатын жүргүзүп жаткандыгын белгилеп кетмекчибиз. Бул эмне дегенди билдирет? Коомдун өзгөрүүсү менен бирге ошол коомдун мүчөлөрүнө коюлган талаптар да өзгөрөт, андыктан өсүп келе жаткан муунду өзгөрүлмөлүү шартка карай тарбиялоо керек деген ой келет.

Албетте XX кылымдын акыркы он жылдарын XXI кылымдын азыркы мезгили менен салыштырганда: адамдардын социалдык, адеп-ахлактык, психолоялык жана башка баалулугу, санариптик технологиялардын күндөн-күнгө жаңылануусу, ошондой эле дүйнөлүк глобалдашуу системасында элдин жаңы социалдык катмары пайда болуп жаткандыгы көзгө ачык-айкын көрүнүп турат. Демек, өсүп жаткан жаш муундардан жашоого болгон талабы да, көз карашы да, кескин түрдө өзгөрүүгө дуушар болууда. Муну менен бирге билим берүү системасында замандын талабына ылайык жаш муунга билимдерди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү окутууда жана тарбиялоодо жаңы ыкмаларды, формаларды талап кылууда.

Жогоруда айтылган маселелер да, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн алдында чоң көйгөйлөрдү жаратууда. Анткени XX кылымдын аягында өз алдынча мамлекет катары Куралдуу Күчтөр, Кыргыз Республикасынын эгемендүүлүгүн коргоо жана мамлекеттин туруктуулугун сактоо боюнча ж.б.у.с. тапшырмаларын аткарып келсе, XXI кылымда да, коюлган тапшырмалар өзгөргөн жок. Анткен себеби, азыркы учурда билим өтө тездик менен өнүгүп жаткандыгы баарыбызга белгилүү. Күн сайын микро – ааламдан тартып макро – ааламга чейин укмуштуудай көп жаңы ачылыштар жасалып, адам үчүн караңгы болгон көптөгөн нерселер бара-бара жарык боло баштады. Ушундай ылдамдык менен өнүгүп жаткан билимден узакта калган адамдар убакыттын өтүүсү менен башкаларга салыштырмалуу таптакыр артта калуу коркунучу жаралууда. Ошондуктан учурдун социалдык талаптарга жооп берүү үчүн бүгүнкү күнүбүз кечээки күнүбүзгө караганда бир кадам болсо да алдыга жылууга тийиш, башкача айтканда, билим берүү жана тарбиялоо келечекке багышталыш керек.

Билимдин тынымсыз өзгөрүшү жана кечээги үйрөтүлгөн нерселердин бүгүн актуалдуулугун жоготушу адамдарга тынымсыз жаңылануну талап кылат. Өздөрүн күн сайын билимдин жаңы тепкичтерине карай алып чыгууну көздөбөгөндөр кыска убакыттын ичинде билим деңизинде чөгүп кетүүсү толук ыктымал.

Демек, азыркы коомдо билимге биз суусап тургандайбыз. Ал эми кыскача тарыхка кайрыла кетсем. Биринчи окуу жайлары Месопотамия шаарларында биздин заманга чейинки III миң жылдыкта пайда болгон. Бул экономика менен маданияттын сабаттуу адамдарга – катчыларга болгон муктаждыгынан келип чыккан. Андай мекемелер «Такталар үйү» деп аталган.

Турмуш шарттарынын татаалданышы менен социалдык милдеттери жана ыкмалары, демек, педагогикалык тажрыйба да өзгөргөн, бул билим берүүнүн уюшкан формаларынын жаралышына алып келип, алар бара-бара бул үчүн атайын дайындалган адамдардын колуна топтолгон.

Ошентип, билим берүүнү адистештирүү күч алган. Эң кеңири таралган мектептердин үч түрү болгон: дин кызматкерлерин даярдаган храмдарда түзүлгөн дин кызматчылар; сарайда даярдалган катчы-чиновниктер; аскердик, анда келечектеги жоокерлер окуган. Спартада билим берүү аскердик-физикалык мүнөзгө ээ болуп, кайраттуу жана мамлекетке берилген адамдарды - аскер жамаатынын мүчөлөрүн даярдоого кызмат кылган, алар үчүн эң башкысы аскердик даярдыкта болуу, ырайымсыздык көрсөтүү, кулдарга карата зордук-зомбулук, жек көрүү жана ырайымсыздыкка ээ болгондор гана жоокерлер боло алган.

Спартада билим алууда кул ээлеринин артыкчылыктары болгон. Алардын 1 жаштан 7 жашка чейинки балдары үй шартында, 7 жаштан 15 жашка чейин үй-бүлөдөн тышкаркы интернаттарда тарбияланып, окууну, жазганды, санаганды үйрөнүп, аскердик дене тарбиясын чыңдашкан. Негизги көңүл дене тарбиясына, тактап айтканда, чыйрактыкка, суукка, ачкачылыкка, ысыкка, ооруга чыдай билүүгө бурулган. Спартанын уландары 15 жаштан 20 жашка чейин күчөтүлгөн физикалык жана аскердик даярдык менен бирге музыкалык билим (хор менен ырдоо) алышкан. Көп убакыт аскердик гимнастикалык көнүгүүлөргө арналган: чуркоо, секирүү, диск жана найза ыргытуу, күрөш, кол күрөш, ошондой эле аскердик ырларды ырдоо. 18-20 жаштагы уландар атайын эфебе тобуна которулуп, аскер кызматын өтөшкөн.

Спарта мектептеринде суроолорго так жана кыска жооп берүү жөндөмүн атайын үйрөтүшкөн. Уламыш боюнча Спарта аймагы болгон Лакониянын тургундары бул өнөр менен өзгөчө атактуу болгон; ошондуктан азыркыга чейин "лаконикалык стили" аттуу сөзү да белгилүү. Мындан тышкары кыздардын аскердик жана физикалык жактан өнүгүүсүнө да көп көңүл бурушкан. Эркектер согушка кеткенде, аялдар кулдарды кайтарып, аларды башкарышкан. Спарталык система мамлекеттик билим берүүнүн тарыхындагы алгачкы эксперименттердин бири болгон.

Афинанын тарбиялоо системасы да көбүрөөк өнүккөн. Анын негизги идеалы катары көп баалуулуктуу түшүнүккө – жакшылыктардын жыйындысына келип токтолот. Негизиен биринчи кезекте интеллекти жана дене маданиятын өнүккөн инсандарды ар тараптуу калыптандыруу болгон. Афиналык билим аристократиялык болгон. Аны байлар гана төлөй алган.

Афинадагы балдар 7 жашка чейин үй шартында болушкан. Кыздар үчүн мунун баары чектелген эле. Андан кийин, бай үй-бүлөлөрдүн балдарын атайын кул – мугалим (сөзмө-сөз – балдарды жетектөөчү, жол көрсөтүүчү) караган. Бул балдар 7 жашынан баштап жеке менчик окуу жайларда окуй алышкан. 12 жаштан 16 жашка чейинки өспүрүмдөр палестра мектебинде окуп жүргөндө гимнастика жана анын ичинде чуркоо, күрөш, секирүү, найза ыргытуу жана диск ыргытуу менен алектенишкен. Эң тектүү үй-бүлөлөрдүн 16-18 жаштагы уландары билимин мамлекеттик мекемелерде – гимназияларда улантып, философиядан, адабияттан, саясаттан сабак беришкен. Билимдин эң жогорку деңгээли эфебия – мамлекеттик мекеме болгон. Мамлекеттик кызматта жүргөн мугалимдер аскер иштерине: ат минүү, жаа атуу жана катапультан атуу, ок ыргытуу ж.б. сабактарды өтүшкөн. 18-20 жаштагы уландар эфебияга кирип, кесиптик аскердик окуу курсунан өтүшкөн. Окуу мөөнөтү 2 жыл болгон.

Ал эми кээ бир окумуштуулар билим жаатында бир катар ойлорун айтып кетишкен.

Мисалы, Платон (б. з. ч. 427-347-ж.) билим берүүнү мамлекет үстөмдүк кылган топтордун – философтордун, жоокерлердин кызыкчылыгында жүргүзүү керек деп эсептеген. Ал билим берүү менен коомдук түзүлүштүн байланышын ачкан, коом менен билим берүү өз ара көз каранды гана болбостон, бири-бирин реформалай тургандыгын көрсөткөн. Европа цивилизациясынын педагогикалык ой жүгүртүүсүнө Платондун таасири өзгөчө чоң.

Аристотель (б. з. ч. 384-322) үч тармакты жана тарбиялоонун тартибин аныктаган: физикалык (өсүмдүк рух үчүн), адеп-ахлактык (жаныбар үчүн), акыл-эс (акыл үчүн). Философ тарбиянын максатын жан дүйнөсүнүн жогорку жактарын – акыл-эстүү жана эрктүүлүктү өнүктүрүү деп эсептеген. Ал ошондой эле куряктык мезгилдүүлүктү орноткон. Ал билим берүүнү жеке эмес, мамлекеттин иши деп эсептеген. Аристотель үч жыл бою Искендер Зулкарнайндын устаты болгон. Афинада билим берүү мекемесин - лицейди түзүп, аны 12 жыл жетектеген. [7]

Мына ошол байыркы мезгилде эле билим берүүнүн сабаттуулугун жогорулатуу, билим алуу жана анын мамлекеттин өнүгүшүндө эң чоң роль ойноорун эн мыкты билишкен жана өздөштүрүшкөн. Негизинен аскердик тартип, тарбиялоо жана согуштун техникалары Афинада жогорку деңгээлде өздөштүрүлгөн. Заман алмашып, азыркы күндө да биз кээ бир учурларда ошол мезгилдеги согуштук техникаларды мындан да жогорулатып, алдыга өсүп келүүдөбүз. Аскер окуу жайларында окуп жаткан биздин курсанттар жеке гана согуштун ар кандай техникаларын гана үйрөнүшпөстөн, ар тараптан билим алып, педагогикалык көндүмдөргө да ээ болушат. Муну менен бирге алар табигый илимдерди өздөштүрүү менен чет тилдерди үйрөнүп, ар тараптан өнүгүүгө мүмкүнчүлүктөргө ээ болушат.

Ал эми биздин Манас эпосун алсак, анда да аскерлерди окуутунун техникалары, билим алуу сапаттары да берилген. Мисалы ошол эле Алманбеттин Ажыдаардын окуусунан мергенчиликти, өзүнө ок өткөрбөй коюуну, асманга учканды, аярлыкты, ачык күндү жаадырган, жайдын күнү кыш кылган жайчылык өнөрүн үйрөнүшү да айтылып келген. Мына ошол өнөрлөрү менен Кытайдын чегин кайтарган куу түлкү, куу өрдөк, куу аркар, жалгыз көздүү Макел-Малгун ж.б. адам күчү тең келбес жаныбарларды жок кылып, кыргыз колуна жол ачат, агыны күчтүү дайранын суусун тартылтып, аскерлердин өтүп алуусун камсыз кылат. [5.112-б.]

Мындан тышкары, “Манас” эпосунда көптөгөн башка маселелер менен бирге мекенчилдик маселеси негизги темалардын бири болуп эсептелет. Мекен темасы көптөгөн багыттардын изилдөө объектисине айланып, ар бир доордо өз актуалдуулугун жоготпой келет. Ошол эле жети осуяттын негизинде ар кандай иш алып барылып, курсанттардын билимин өстүрүүдө биз ар кандай иш - аракеттерибизди жасап келүүдөбүз. Биздин окуу жай аскердик окуу жай болгондугуна карабастан, курсанттар жогоруда айткандай эле педагогикалык көндүмдөргө ээ болушат. Анткени, келечекте алар офицер болуп чыккандан кийин, жаш жоокерлерди окуутууда, тарбиялоодо педагогикалык тажрыйбага ээ болуш керек. Алар менен иш алып барууда психологиялык жактан болобу, моралдык жактан болобу, тажрыйбага ээ болуусу зарыл. Муну менен бирге педагогикалык чеберчиликке ээ болуу керек. Ал эми педагогика чеберчилигине ээ болуунун зарылчылыгы, жаш жоокерлерди окутууда?

Кайсы гана жер болбосун, адамдар бир нерсени үйрөнүү керек болсо, түпкү маанисинде педагогикасыз жана тарбиясыз ишке ашыра албайт. Аскер кызматчыларын окутууда, тарбиялоодо жана Ата Мекенди коргоого даярдоодогу ийгиликтер көп факторлордон, анын ичинен офицердин педагогикалык маданиятынан көз каранды.

"Маданият" деген сөздүн теги латын тилинен алынып, табигый нерсени иштетүү же маданиятташтыруу дегенди билдирип келген. Азыркы учурда кеңири маанисинде маданияттуу инсанды калыптандыруу дегенди камтуу менен, биринчи иретте адамдын инсандык, кесиптик, социалдык, коммуникативдик ж.б. маданияттык сапаттарын камтып турат.

Офицердин инсандык маданиятынын көрсөткүчтөрүнүн бири – жалпы маданиятка негизделген педагогикалык маданият жана инсандык маданиятын билдирет. Мунун аркасында адам дүйнөдө белгилүү бир ориентацияга ээ болуп, өз заманынын талабына ылайыктуу болот; адам терең ой жүгүртүүгө, аналитикалык жөндөмдүүлүктөргө жана концептуалдык ой жүгүртүүгө ээ болот. Адам үчүн жалпы маданияттын баалуулугу, анын ичинде анын кесиптик ишмердүүлүгү өтө жогору. Кийинчерээк Франциянын президенти болгон генерал Шарль де Голль өзүнүн "Профессионалдуу армия үчүн" аттуу китебинде мындай деп белгилеген: "Акыл-эстин күчү" тигил же бул кесиптин өзгөчө чеберчилигинде табылбай турган ар түрдүүлүктү талап кылат. [7] «Адамдын акыл-эсинин казынасынан да өз өнөрүн таштабаган бир да атактуу командир болгон эмес». Муну биз дайыма Аристотелдин Искендер Зулкарнайндын жеңиштеринин негизинде биле алабыз. Байыркы доорлордон бери орус армиясынын салты Ата Мекенге жана аскердик милдетке чексиз берилген адамдарды гана эмес, ошондой эле билимдүү, ой жүгүрткөн, чыгармачыл, жогорку маданияттуу адамдарды тарбиялоо болгон. Жалпы адамзаттык баалуулуктардын билими жана түшүнүгү менен байыган, өлкөбүздүн маданий салттарын терең өздөштүргөн офицер гана кол алдындагылардын чыныгы тарбиячысы, кадыр-барктуу, камкор насаатчысы болуп, өзүнүн кесиптик ишмердигинде эң жогорку натыйжаларга жетише алат. Өз кезегинде анын ичинде маданияттуу адамды тарбиялабаса, келечекти, чыныгы жогорку кесипкөй офицерди тарбиялап, даярдоо мүмкүн эмес.

Аскердик бөлүктөрдө так тартипти, уюшкандыкты, окутуунун жана тарбиялоонун бирдиктүү системасын камсыз кылуу максатында аскердик жоболор жана инструкциялар иштелип чыгып, практикага киргизилген.

Аскердик даярдыктын бүткүл системасы аскерлерди жеңиштүү согушка даярдоого багытталган. Офицерлер күжүрмөн даярдык сабактарында жоокерлерге согушта кандай иш-аракет кылууну дайыма үйрөтүү зарылдыгын баса белгиленет. Машыгуунун негизин дене тарбия даярдыгы, ок атуу жана тактикалык даярдык машыгуулар түзөт.

Аскердик иштердин жалпы принциптерин, Куралдуу Күчтөрдүн ага караштуу бөлүгүнүн күжүрмөн аракеттеринин өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле бөлүктө болгон курал-жарактардын жана аскердик техниканын касиеттерин жана мүмкүнчүлүктөрүн, аларды натыйжалуу пайдалануу ыкмаларын терең билүүнүн аркасында, офицерлер талаа сабактарды жана машыгууларды өткөрүүдө заманбап кармаштын чыныгы картинасын, башкача айтканда согушка жакын кырдаалды түзө алат. Бирок, кол алдындагыларды окутуу жана тарбиялоо маселелерин педагогикалык жактан компетенттүү чечүү үчүн ал тиешелүү илимий жоболорду, мыйзамдарды, түшүнүктөрдү жана аныктамаларды гана билбестен, аларды аскердик-педагогикалык процесстин кызыкчылыгында өз оюнда кайра иштеп чыгууга тийиш. Ал кээ бир жоболор аскер кызматчылары тарабынан кандайча кабыл алынып, түшүнүлүп жатканын жакшы билиши керек. Аскердик кызмат – адамдын рухий жана физикалык күчүнүн тынымсыз чыңалуусуна, экстремалдык кырдаалдарга, кыйынчылыктарга, тобокелчиликтерге жана күжүрмөн кырдаалда милдеттерди аткарууда аскер кызматчыларынын өмүрүнө коркунуч келтирген өзгөчө иш-аракетинин түрү. Демек,

жоокерлерди натыйжалуу жана сапаттуу даярдоо жана тарбиялоо үчүн офицер психологияны, педагогиканы жакшы билиши керек. Дал ошолор педагогикалык чеберчилик жана шык менен бирдикте аскердик мугалимдин профессионалдык образын аныктап, тарбиялык таасир көрсөтүүнүн эң маанилүү каражаты болуп саналат.

А.В.Суворов өзүн-өзү тарбиялоо маселелерине чоң көңүл бурган. Улуу колбашчы өзүн алсыз, алсыз баладан физикалык жана моралдык жактан күчтүү жоокерге айлантып, өзүн-өзү тарбиялоонун үлгүсүн гана көрсөтпөстөн, өзүн өзү тарбиялоо боюнча кеп-кеңештерин да калтырган. [2]

Ал эми биздин өлкөбүздүн Куралдуу Күчтөрү Кыргыз Республикасынын конституциясын, мыйзамдарын, мамлекет тарабынан чыккан жарлыктарды жана жалпы аскердик уставдардын талаптарына ылайык өз ишмердүүлүгүн ишке ашырып келет.

Куралдуу Күчтөрүнүн өзгөчө курамын Кыргыз Республикасынын 18ге чыккан жарандары менен толукталып келет. Анткени мамлекеттин мыйзамдарында жана жалпы аскердик уставта көрсөтүлгөндөй ар бир жарн Мекенди коргоого укуктуу жана милдеттүү, башкача айтканда ар бир атуул Мекен астындагы ыйык парзын аткарууга милдеттүү.

Тилекке каршы бүгүнкү күндө бардык жагынан аскердик кызматка жарамдуу болсо да, жаштардын көпчүлүгү өз ыктыяры менен аскердик кызмат кылууга келбейт же болбосо кээ бир ата-энелер балдарын аскерге жиберүүдөн коркот. Булардын бирден-бир себептери болуп, кээ бир аскердик бөлүктөрдө жоокерлер арасында катталган терс көрүнүштөр десем жаңылышпайм.

Аскерде мындай терс көрүнүштөрдүн алдын алуу жана тамырынын жок кылуу ар бир командирлердин (башчылардын) негизги тапшырмаларынын бири. Бирок, аскерге чакырылгандардын билим деңгээлин, адеп-ахлактык, психологиялык, дене тарбиялык даярдыгы о.э. түрлүү мүнөздөргө ээ болгон калктын ар түрдүү социалдык катмарынан келген жарандарды тарбиялоодо, өз милдеттерин терең түшүнгөн, педагогикалык жана психологиялык даярдыгы бар, жоокерлерди тарбиялоо формаларын, ыкмаларын жана каражаттарын колдоно билген, ар тараптуу өнүккөн кесипкөй кенже офицердик курам талап болууда.

Бүгүнкү күндө офицерлерди даярдоо Россия Федерациясынын (негизинен), Казакстан Республикасынын, Азербайжан Республикасынын, Түркия Республикасынын жана Кытай Эл Республикасынын аскер окуу жайларында жүргүзүлөт.

Өзүбүздүн мамлекетибизде жалгыз жогорку аскердик окуу жайы - Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн Советтер Союзунун Баатыры генерал-лейтенант К. Усенбеков атындагы Аскер Институтунда жаш кадрларды даярдоо төрт жыл окутуу менен иш жүзүнө ашырылат. Окууну аяктагандан кийин Кыргыз Республикасынын баардык күч түзүмдөрүндө кызмат өтөшөт.

Келечектеги жаш жоокерлерди тарбиялоо ошондой эле бөлүктөрдүн күжүрмөн даярдыгын чыңдоо үчүн азыркы курсанттарыбызды педагогикалык жана психологиялык даярдыгына, ар түрдүү багыттагы тарбия иштерин уюштуруу жана өткөрүүгө жөндөмдүүлүгүнө көңүл бөлүү зарылдыгы келип чыгууда.

Курсанттарды тарбиялоо иштерге жана педагогикалык чеберчилигин өнүктүрүү боюнча Россия Федерациясынын, Казакстан Республикасынын ж.б. мамлекеттердин көптөгөн окумуштуулар өздөрүнүн илимий изилдөөлөрүн теориялык жана практикалык жактан апробациялап келишет.

Мисалга алсак Россия Федерациясынын жана Казакстан Республикасынын жогорку аскер окуу жайларында командирлердин өздүк курамы менен иштөө боюнча орун басарларын атайын кесиптик багыт менен тарбиялоо ишмердүүлүгүн жүргүзүүгө даярдайт. Бул багыт боюнча окуп бүтүргөн жаш офицерлер командирдин өздүк курам менен иштөө боюнча орун басары катары кызматтык милдеттерин аткарууну улантат.

Куралдуу Күчтөрдүн өздүк курамын окутуунун мазмуну төмөнкү багыттарды камтыйт:

- мамлекеттик-патриоттук;
- аскердик;
- моралдык;
- юридикалык;
- экономикалык;
- эстетикалык;
- физикалык;
- экологиялык жана башкалар.

1. Куралдуу Күчтөрдүн өздүк курамын мамлекеттик-патриоттук тарбиялоо Кыргызстандын жараны-патриотунун эң маанилүү сапаттарына ээ болгон, тынчтык жана согуш мезгилинде кесиптик милдеттерин ийгиликтүү аткарууга жөндөмдүү инсанды калыптандырууга жана өнүктүрүүгө багытталган.

**Мамлекеттик-патриоттук тарбиянын негизги жолдору:**

- кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн азыркы мезгилинин шарттарын эске алуу менен мекенчил жаранды калыптандыруу процессиндеги карама-каршылыктарды чечүү;
- Кыргызстандын элдеринин достугунун духунда тарбиялоону өркүндөтүү;
- ар кандай мамлекеттик мекемелердин жана уюмдардын билим берүү потенциалын чыгармачылык менен пайдалануу.

2. Аскердик билим берүү аскер кызматчыларын Ата Мекендин куралдуу коргоочулары катары даярдоо таламында алардын рухий жана физикалык жактан өнүгүүсүнө системалуу жана максаттуу таасир көрсөтүүдөн турат.

**Аскердик билим берүүнүн негизги жолдору:**

- аскер кызматчыларын тарбиялоо жана даярдоо процессинин ажырагыс биримдигин ишке ашыруу;
- аскер бөлүктөрүндө (бөлүмдөрүндө) бүткүл кызматты, жашоону уюштурууда катуу уставдык тартипти сактоо;
- аскердик кызматтын коопсуздугун камсыз кылуу жана ар бир аскер кызматчысына аскердик иштин ар кандай түрлөрүндө моралдык-психологиялык колдоо көрсөтүү;
- окуу процессинде заманбап согуштун реалдуу шарттарын жана шарттарын моделдөө;
- бардык категориядагы кызмат адамдарынын жеке үлгүсүн камсыз кылуу;
- Куралдуу Күчтөрдө калыптанып калган аскердик салттар системасын колдонуу.

3. Адеп-ахлактык тарбия аскер кызматчыларында зарыл болгон моралдык сапаттарды калыптандыруу үчүн алардын аң-сезимине, сезимдерине жана эркине таасир берүү катары каралат.

**Адеп-ахлактык тарбиянын негизги жолдору:**

- аскер кызматчыларын алардын кесиптик жана адеп-ахлактык сапаттарына карата коомдун талаптары жөнүндө билимдер менен куралдандыруу, алардын аскердик кызматтын коомдук маанисин камсыз кылуу;

- аскер кызматчыларынын адеп-ахлактык жактан өзүн-өзү өркүндөтүү зарылдыгын, алардын оң моралдык идеалга умтулуусун стимулдаштыруу;

- тарбиялык таасирдин ийкемдүүлүгүн камсыз кылуу, аскер кызматчыларынын моралдык жактан жетилгендигинин жетишилген деңгээлине ылайык аны өркүндөтүү;

- аскер кызматчыларынын моралдык жактан маанилүү ишмердүүлүгүн максаттуу уюштуруу, анын жүрүшүндө моралдык принциптердин жана ченемдердин жеке мааниси калыптанат, ишке ашырылат жана тажрыйбаланат;

- моралдык сезимдерди жана жоопкерчиликти туудурган тарбиялоонун ыкмаларын, формаларын жана моралдык стимулдарын колдонуу;

- коомдук пикирди, социалдык-психологиялык климатты, жоокерлердин жеке өзгөчөлүктөрүн талдоо жана эсепке алуу.

4. Укуктук билим берүү - аскер кызматчыларынын аң-сезимине жана психикасына аларда туруктуу укуктук көз караштарды жана идеяларды, ишенимдерди жана сезимдерди калыптандыруу, аларда жогорку укуктук маданиятты, укуктук жүрүм-турумдун көндүмдөрүн жана адаттарын өрчүтүү таламында максаттуу системалуу таасир көрсөтүү. [9].

Ошентип, бүгүнкү күндөгү билим берүү системасынын эң орчундуу милдеттеринин биринчи катарында доор жана заман талабына жооп бере турган, өз мекенин сүйгөн, базар экономикасы шартында өз жолун таап кете ала турган, кесипкөй жарандарды жетиштирүү турат. Ошону менен катар, өлкөнүн эгемендүүлүгүн, эркиндигин, коопсуздугун камсыз кылуу үчүн куралдуу күчтөрдү кармап туруу зарылчылыгы жашайт. Мекенди сүйгөн, аны коргоого даяр мекенчил жарандарды тарбиялоо аскер институтунун курсанттарынын жаш жоокерлерди тарбиялоо иштерине даярдыгына көз каранды. Демек, аскер курсанттарынын кесипкөйлүгү алардын кесиптик билиминин үзгүлтүксүз жогорулатып туруусуна байланыштуу, “...себеби билимдүү өлкө гана тынч бейпил жашай алат”.

**Колдонулган адабияттардын тизмеси:**


1. Алехин, И. А. Дидактическое проектирование инновационных технологий профессиональной подготовки слушателей (курсантов) в военном вузе / И. А. Алехин // Казанская наука. — 2016. — № 10. — С. 32.
2. Алехин, И. А. Духовно-нравственное воспитание офицеров российской армии: монография / И. А. Алехин. — М.: Изд-во РАО ; Изд-во ВУМО РФ, 2008.
3. Военная педагогика: учебник для вузов / Под редакцией О.А. Ефремова. — СПб.:Питер, 2008. - С. 70-71.
4. Герасимова В. Н. «Военная педагогика», М.: ВУ, 1997;
5. И. В. Богданов. — Текст : непосредственный // Молодой ученый. — 2014. — № 10 (69). — С. 355-360. — URL:
6. “Манас” энциклопедиясы 1-том аалам – Манастын музыкасы/ Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар Кеңеши тарабынан сунуш кылынган // Бишкек 2015
7. **kaznu.kz**›Content/Электр_учебник_ВПП_…
8. https://moluch.ru/archive/69/11759/
9. http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/4808
10. https://student.com.kg/archives/3153